КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**07-ноябрь 2025-жыл № 6** **Совет айылы**

**Кеңеш айыл аймагына караштуу 1-Май айылында жайгашкан "Жеткинчек" балдар бакчасынын чатырын алмаштыруу жөнүндө**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 26-сентябрындагы № 01-17/593 сандуу катындагы Кеңеш айыл аймагынын 1-Май айылында жайгашкан "Жеткинчек" балдар бакчасынын чатырын алмаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 18-беренесине, Кыргыз Республикасынын "Бюджет кодексине" жана Бюджет, экономика, ички жана сырткы инвестиция тартуу боюнча туруктуу комитетинин корутундусуна негиз, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз XIV-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. 1-Май айылында жайгашкан "Жеткинчек" балдар бакчасынын чатырын алмаштырууга дем берүү грантка долбоор даярдоодо өздүк салым эсебинен, долбоордун жалпы суммасынан 146332 (бир жүз кырк алты миң үч жүз отуз эки) сом акча каражатын 2026-жылдын бюджетинен кароо жагы жактырылсын.

2. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышы ,н Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана башкы эсепчи Э.Абдураимовко милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыяланысын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**